- багуу процессинде жургузулген бак дарактарды жана бадалдарды кыюу жана кайра отургузуу иштери бардык учурларда ушул Эрежелердин талаптарына ылайык жузөзө ашырышат.

Жашылдандырылган аймактарда төмөнкүлөр тыюу салынат:

- жашыл аянтчаларды кыюуга же жок кылууга уруксат берилген учурларын кошпогондо, жашыл аянтчаларды бузууга жана жок кылууга;
- тиешелуу кызматтардын макулдугу жок бак-дарактарды, бадалдарды ез алдынча кыюууга жана отургузууга,огороддорду жана газондорду иреетке келтирүүгө;
- калдыктарды жана башка булганган заттарды газондорго төгүгө;
- жалбырактарды күйгүзүүгө,жапырт жалбырак тушуу мезгилинде аларды арыктарга шыпырып салууга, алар менен бак-дарактарды жана бадалдарды көмүп салууга (аларды көчө бойлой жайылып кетпеши үчүн үймөктөргө

- от жагууга жана орт коопсуздугунун эрежелерин бузууга;
- бак-дарактарга мыктарды кагууга,бак-дарактарга зыян келтируучу илгичтерди, көрнөк-жарнактарды, кулактандырууларды, мамлекеттик номурларды, лампаларды электр гирляндаларын, туу гирляндаларын чаптоого, тикенек зымдарды жана башка тосмолорду тосууга;
- дарактардан шире, чайыр алуугу, кабыгын кесип, оюктарды, жазууларды жасоого жана башка механикалы зыян келтирууго;
- белгиленген эрежелер боюнча макулдашуусуз инженердик коммуникацияларды төшөө учун казуу иштерин жургузууго;

газондордо жана жашыл мейкиндиктери бар башка аянттарда транспорт каражаттарын өткөрүү жана токтотуу;

- гулдөрду узуп, дарактардын жана бадалдардыш бутактарын сындырууга;

20. Жашыл аймактарды жаныдан куруу, реконструкциялоо, калыбина келтируу боюнча бардык иштер айыл өкмөтү же айыл өкмөтү ыйгарым укук берген уюм менен белгиленген тартипте макулдашылып,' иштелип чыккан жана бекитилген долбоорлук документтерге ылайык жургузулүүгө тийиш.

21. **Тышкы жарыктандыруу**

22. Жарык беруучу тармактарды эксплуатациялоо Кыргыз Республикасынын бкметунун 2012-жылдын 22-августундагы №155 токтому менен бекитилген электр энергиясын пайдалануу эрежелери менен женге салынат.

23. Тышкы жарыктандыруу куйгузуу жана өчүрүү айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген графиктер боюнча жургузулөт.

24. Айыл өкмөтү коомдук жайларда иштебей турган көчө чырактарынын санына жол берилген ченемди белгилейт.

25. Металл мамылар жана тышкы жарыктандыруунун башка элементтери таза, дат басылбашы жана зарыл болгон учурда сырдалбашы керек, бирок уч жылда бир жолудан кем болбоого тийиш.

26. Жеке жана юридикалык жактар өздөрүнө берилген аймактарда орнотулган же сатып алынган тышкы жарыктандыруунун элементтерин жабдууга жана жакшы абалда кармап турууга милдеттуу.

27. **Эрежелерди бузгандыгы учун юридикалык жактардын, кызмат адамдарынын жана жарандардын жоопкерчилиги**

28. Ушул Эрежелерди бузгандыгы учун Кыргыз Республикасынын колдонуудагы .